**Изденүүчү Кыдыралиева Айтикан Раимжановнанын «И. Бекбоевдин илимий жана педагогикалык уюштуруучулук ишмердүүлүгү" аттуу 13.00.01 - жалпы педагогика адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши жөнүндө расмий оппоненттин пикири**

1. **Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу:**

диссертациялык иштин темасы абдан актуалдуу, себеби миңдеген кылымдар тарыхы бар, 70 жылдык советтик социалистик системаны башынан кечирген, учурда эгемендүүлүктүн 31 жылдыгын тосуп жаткан Кыргыз Республикасынын педагогика илими багытында эмгектенип келе жаткан окумуштуулардын аталган илимди теориялык жана практиалык жактан байытууга кошкон салымын, алардын республикабыздын жана анын тышында педагогика илиминин өнүгүшүндөгү ордун талдоого алып, илимий электен өткөрүп баалоого убакыт келип жетти. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын илимпоздорун, анын ичинде педагогика илиминин калыптанышына, өнүгүшүнө олутту салым кошкон окумуштууларынын көч башында турган Эл мугалми, педагогика илиминин доктору, КР УИАсынын мүчө-корреспонденти, профессор Исак Бекбоевдин илимий чыгармачылыгын, басып өткөн жолун, бүгүнкү педагогика илимине кошкон салымын, өзгөчө КР мектептеринде математиканы окутуунун методикасын иштеп чыгуудагы ордун аныктоого багытталган. "Өз агасын агайлай албаган, башка агасын сагалайт" деген сыяктуу өз окумуштууларыбыздын эмгектерин азыртан талдоого алып, алардын педагогика илимине кошкон салымын өзүбүз аныктабасак, баалабасак, муну ким жасайт? Буга убакыт келип жетти жана каралып жаткан иштин темасынын актуалдуу жана баалуулугу ушунда жатат.

Жогоруда белгиленгендер А.Р. Кыдыралиеванын "И. Бекбоевдин илимий жана педагогикалык уюштуруучулук ишмердүүлүгү" аттуу диссертациялык иши актуалдуу темага жазылган педагогикалык эмгек экендигин тастыктайт.



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 90 "23" 09 2022 ж/г
Окуу. катча: [signature]

Scanned with CamScanner

**Изилдөөнүн максаты:** И. Бекбоевдин илимий, педагогикалык-уюштуруучулук ишмердүүлүгүн ар тараптуу жана комплекстүү изилдөө аркылуу анын Кыргызстандагы педагогика илиминин өнүгүшүнө кошкон салымын айкындоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз илимий педагогикасынын өнүгүш контекстинде И. Бекбоевдин педагог изилдөөчү катары калыптанышын ачып көрсөтүү.
2. И. Бекбоевдин Кыргызстанда математиканы окутуу методикасы илим тармагынын өнүгүшүндөгү ордун айкындоо.
3. И. Бекбоевдин эмгектериндеги жалпы педагогикалык жана дидактикалык идеяларды жана алардын Кыргыз мектептериндеги окутуу тарбиялоо ишин илимий-методикалык жактан камсыздоодогу тарыхый педагогикалык ордун ачып көрсөтүү
4. И. Бекбоевдин илимий-педагогикалык, уюштуруучулук ишмердүүлүгүнүн Республикада педагогикалык илим жана практиканын өнүгүшүнө тийгизген таасирин айкындоо.

Жогоруда белгиленген максат жан миддеттер негизинен диссертациялык иштин темасынын логикасына жооп берет, автор милдеттерди ыраттуу түрдө ачуу менен бир катар баалуу натыйжаларды алууга жетишен.

**2. Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы:**

Диссертациялык иште берилген илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар илимий-теориялык жактан ынанымдуу жана практикалык жактан жетишээрлик деңгээлде далилдүү. Диссертациялык иштин биринчи бөлүгүндө Кыргызстанда илимий педагогиканын өнүгүү, калыптануу тарыхы, И. Бекбоевдин өмүр жолу жана окумуштуу педагог катары калыптанышы далилдүү чагылдырылаган (§.1.1, 1.2 дисс.).



Scanned with CamScanner

Диссертациялык иштин экинчи бөлүгүндө И. Бекбоевдин илимий педагогикалык-уюштуруучулук ишмердүүлүгүн изилдөөгө байланыштуу булактар жана методдор орун алган. Өзгөчө И. Бекбоевдин илимий ишердүүлүгүн чагылдырган булактарды анализдөөгө кеңири орун берилип, алар далилдүүлүгү менен айырмаланат (§.2.1, 2.2 дисс.).

Диссертациялык иштин үчүнчү бөлүмүндө И. Бекбоевдин илимий педагогикалык-уюштуруучулук ишмердүүлүгүнүн республикадагы педагогика илимине жана билим берүү практикасына тийгизиген таасири жөнүндө сөз болуп, алар далилдүү жана ынанымдуу маалыматтар менен коштолгон. Диссертант илимпоз И. Бекбоедин эмгектерин түздөн-түз талдоого алып, анын илимий ишмердүүлүгүнө байланыштуу башка окумуштуулардын ойлоруна, шакирттеринин пикирлерине таянуу жана көптөгөн илимий маалыматтарды талдоо жана аларды биринчи жолу илимий мейиндикке алынып чыккан (§.3.1, 3.2, 3.3 дисс.).

Жалпысынан алганда, коргоого сунушталып жаткан жыйынтыктар, жоболор жана сунуштур бүгүнкү күндөгү педагогика илимине болгон талаптарга шайкеш келип, өзгөчө И. Бекбоевич тарбынан математиканы кыргыз тилинде окутуу методикасын канчалык байыткандыгы, инсанга багытталган окутуу теориясына жана практикасына кошкон салымы изденүүчү тарабынан илимий тилде далилдүү жана ишенимдүү ишелип чыккан. Өзгөчө диссертациялык иштин теориялык бөлүгүндө орун алган И. Бекбоевичтин өмүр жолу жана окумуштуу-педагог катары калыптанышы жогорку деңгээдле элестүү берилген. Мисалы, өзү Сталиндик стипендиант болуп, айылдагы чоң атасын багып жаткандагы болочок окумуштуунун инсан катары кандай адам экендигин сүрөттөп турат.

**2. Диссертациялык иштин илимий натыйжаларынын жаңылык деңгээли:**



Scanned with CamScanner

Диссертациялык иштин илимий натыйжалары өтө жогору, себеби, каралып жаткан иште И. Бекбоевдин өмүр жолу жана педагог изилдөөчү катары калыптанышы кыргыз педагогика илиминин өнүгүш контекстинде биринчи жолу изилденген; И. Бекбоевдин республиканын мектептеринде математиканы окутуу методикасы боюнча изилдөөлөрүдү талдоо тарыхый педагогикалык аспекттен далилдүү берилген; Изилдөөдө И. Бекбоевдин эмгектерин жалпы педагогикалык жана дидактикалык жактан классификациялоо аракети орун алган, алардын илимий таанымдык жана практикалык мааниси ачыкталган; И. Бекбоевдин уюштуруучулук, устаттык педагогикалык ишмердүүлүгүнүн Кыргызстанда педагогика илиминин жана окутуу, тарбиялоо, окутуу процессин илимий-методикалык жактан камсыздоо практикасынын өнүгүшүнө кошкон салымы таасирлүү ачылып көрсөтүлгөн.

Белгиленген натыйжалардын илимий жаңылыгын төмөнкүчө аныктоого болот:

**Биринчи натыйжа**. Диссертациялык иштеги И. Бекбоевдин өмүр жолу жана педагог изилдөөчү катары калыптанышыны кыргыз элдик этнопедагогиканын жана заманбап педагогика илиминин өнүгүү контекстинде биринчи жолу даректүү жана далилдүү маалыматтар менен чагылдырылган. Бул натыйжаны илимий жаңылык деп кабыл алууга негиз бар, себеби Кыргызстанда педагогикалык персоналий И. Бекбоевдин үлгүсүндө биринчи жолу илимий мейкиндикке алынып чыгып олтурат жана ала жеишээрлик деңгээлде даректүү жана далилдүү.

**Экинчи натыйжа.** И. Бекбоевдин республиканын мектептеринде математиканы окутуу методикасы боюнча изилдөөлөрүдү талдоо тарыхый педагогикалык аспектилери аныкталган. Изилдөөдө И. Бекбоевдин эмгектерин жалпы педагогикалык жана дидактикалык жактан классификациялоо аракети орун алган, өзгөчө илимпоздун илимий педагогикалык уюшутуруучулук ишмердүүлүгү, КР илимий-методикалык практикага тийгизген таасири,



Scanned with CamScanner

алардын илимий таанымдык жана практикалык мааниси жогору деңгээлде ачыкталган. Бул натыйжаны жаңы деп кабыл алуу болот, себеби, буга чейин Кыргыз педагогикасында конкреттүү илимпоздун жекече салымын илимий өңүттөн анлиздөө иштери колго алынбай келген. И. Бекбоев жөнүндө көптөгөн ой-пикрилер атйылганы менен аларды системалаштырып, илимий ireетке келтирип, жалпылаштыруу биринчи жолу ишке ашырылып олтурат.

**Үчүнчү натыйжа** И. Бекбоевдин илимпоз-методист катары Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде математиканы кыргыз тилинде окутуу методикасын иштеп чыгуудагы салымын илимий негизде системалаштырууга багытталгандыгы менен баалуу. И. Бекбоевдин илимий-практикалык ишмердүүлүгү негизинен метематика сабагын кыргыз тилинде кыргыз окуучуларына жеткирүүдөгү ат көтөргүс жүгү талдоого алынып, тиешелүү илимий жыйынтыктар чыгарылган. Бул натыйжаны жаңы деп кабыл алууга болот, себеби ал илимий иштин негизги стратегиясына жооп берет жана илимий-практиаклык жактан ынанымдуулугу менен айырмаланат. Автор математика, геометрия, тригонометрия сабактарын өтүүдөгү И. Бекбоевичтин ыкмаларын анын замандаштарынын, шакирттеринин (А. Абдиев, А. Алимбеков ж.б.) пикирлерине таянуу менен ачык, даана көрсөтө алган.

**Төртүнчү натыйжа.** И. Бекбоевдин уюштуруучулук, устаттык педагогикалык ишмердүүлүгүнүн Кыргызстанда педагогика илиминин жана окутуу тарбиялоо процессин, инсанга багытталган окутуу теориясын жана тажрыйбасын илимий-методикалык жактан камсыздоо жолдорунун өркүндөтүүгө кошкон салымы чагылдырылган. Аталган натыйжаны салыштырмалуу жаңы деп кабыл алууга болот, себеби инсанга багытталган окутуу жана тарбиялоо дүйнөлүк педагогикад кеңири иштелген темадан болуп эсептелет, ал эми диссертатн бул жагдайды профессор И. Бекбоедин эмгектери аркылуу бере алган.



Scanned with CamScanner

алардын илимий таанымдык жана практикалык мааниси жогору деңгээлде ачыкталган. Бул натыйжаны жаңы деп кабыл алуу болот, себеби, буга чейин Кыргыз педагогикасында конкреттүү илимпоздун жекече салымын илимий өңүттөн анлиздөө иштери колго алынбай келген. И. Бекбоев жөнүндө көптөгөн ой-пикрилер атйылганы менен аларды системалаштырып, илимий ирееткe келтирип, жалпылаштыруу биринчи жолу ишке ашырылып олтурат.

**Үчүнчү натыйжа** И. Бекбоевдин илимпоз-методист катары Кыргыз Республикасынын орто мектептеринде математиканы кыргыз тилинде окутуу методикасын иштеп чыгуудагы салымын илимий негизде системалаштырууга багытталгандыгы менен баалуу. И. Бекбоевдин илимий-практикалык ишмердүүлүгү негизинен метематика сабагын кыргыз тилинде кыргыз окуучуларына жеткирүүдөгү ат көтөргүс жүгү талдоого алынып, тиешелүү илимий жыйынтыктар чыгарылган. Бул натыйжаны жаңы деп кабыл алууга болот, себеби ал илимий иштин негизги стратегиясына жооп берет жана илимий-практиаклык жактан ынанымдуулугу менен айырмаланат. Автор математика, геометрия, тригонометрия сабактарын өтүүдөгү И. Бекбоевичтин ыкмаларын анын замандаштарынын, шакирттеринин (А. Абдиев, А. Алимбеков ж.б.) пикирлерине таянуу менен ачык, даана көрсөтө алган.

**Төртүнчү натыйжа.** И. Бекбоевдин уюштуруучулук, устаттык педагогикалык ишмердүүлүгүнүн Кыргызстанда педагогика илиминин жана окутуу тарбиялоо процессин, инсанга багытталган окутуу теориясын жана тажрыйбасын илимий-методикалык жактан камсыздоо жолдорунун өркүндөтүүгө кошкон салымы чагылдырылган. Аталган натыйжаны салыштырмалуу жаңы деп кабыл алууга болот, себеби инсанга багытталган окутуу жана тарбиялоо дүйнөлүк педагогикад кеңири иштелген темадан болуп эсептелет, ал эми диссертатн бул жагдайды профессор И. Бекбоедин эмгектери аркылуу бере алган.

Илимий иштеги натыйжалар көп жылдык изилдөөчүлүк байкоолорго, мектепте, жогорку окуу жайдагы окуутуучулук тажрыйбаларларга таянуу менен жазылып, илимий-теориялык кайнактар, аларга болгон шилтемелер, тажрыйбадан алынган фактылар менен коштолгон.

**4. Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык маанилүүүгү жогору, себеби изилдөөдөн келип чыккан сунуштар Кыргызстанда педагогика илиминин өнүгүш тарыхын тактоодо, айрыкча башка окумуштуу педагогдордун өмүр жолу менен илимий-педагогикалык чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөрдө алгачкы илимий чыйыр болуп эсептелет; кыргыз мектептеринде математиканы окутуу жана окуу куралдарды даярдоого байланыштуу материалдарды билим берүү практикасында үлгү катары колдонсо болот; диссертациядагы маалыматтар жогорку окуу жайларда педагогика багытындагы, айрыкча педагогиканын тарыхы, дидактика жана оутуунун методикасы сабактарынын мазмунун байытууда түздөн-түз окутуу материалдары катары колдонсо болот.

**5. Изденүүчүнүн жекече салымы**: Диссертант КРдагы педагогика илиминин көч башында турган белгилүү окумуштуу педагогдун 200 ашык эмгектерин жана ал жүнүндө жазылган көптөөн илммий маалыматтарды, окумуштуунун илимий шакирттеринин пикирлериди чогултуп, тыкыр анализдеп илимий жыйынтыктарды жасай алган. И. Бекбоевдин мурастарын жана анын уюштуруучулук-педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган булактарды системалаштырып талдоонун негизинде белгилүү окумуштуунун жекече салымын ачып бере алаган.

**6. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши**. Изденүүчү Кыдыралиева А.Р. тарабынан жазылган «И. Бекбоевдин илимий жана педагогикалык уюштуруучулук ишмердүүлүгү" аттуу 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган диссертациялык иштин мазмуну автореферattын мазмуну менен дал



Scanned with CamScanner

келет. Диссертациялык иштин тексти бир эле мезгилде илимий педагогиканын тилинде жазылып, ошол эле мезгилде элестүү, жеткилитүү. Автореферт кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

**7. Диссертациялык иште жана атореферетта кездешкен айрым мүчүлүштөр:**

Каралып жаткан диссертациялык КР педагогика багытындагы персоналийлерге байланыштуу жазылган биринчи илимий эмгек экендигине, андагы илимий маалыматтардын баалуулугуна карабастан, айрым мүчүлүштүктөрдөн кур эмес.

1. Изилдөөнүн илимий аппаратында «айкындоо» термининин ордуна «аныктоо», «системалаштыруу», «классификациялоо» ж.б. түшүнүктөрдү колдонсо болмок, себеби, «айкындоо» түшүнүгү мурда изилденген нерселерди тактоо, ачыктоо маанисин билдирет. Ал эми каралып жаткан иштин максаты, милдеттери биринчи жолу коюулуп жаткан маселеледри чечүүгө багытталып жатат.

2. Изилдөөнүн материалдар жана методдор бөлүмүндө изилдөө методдору жупунураак болуп калган. Бул жерде учурда математика сабагын берип жаткан мугалимдердин И. Бекбоевдин эмгектери, анын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтулугун аныктоо боюнча сурамжылоо иштери (аныктоочу эксперимент) жүргүзүлсө, каралып жактан иштин илимдүүлүгү дагы жогору болмок деп ойлойм.

3. Диссертациялык иштин үчүнчү бөлүгүндө (§ 3.2.4) орун алган «Окутуу тарбиялоонун этнопедагогиалык негиздери» аттуу подпараграф анчалык негиздүү эмес, себеби, диссертациялык иштин илимий аппаратында андай милдет да коюлган эмес. Этнопедагогикага байданыштуу матереалдар диссертациялык иштин 1.1 параграфында жетиштүү берилген.



Scanned with CamScanner

4. Диссертациялык иште өткөн доорлордогу педагогдор көп жолу кайталанып калган (Коменский, Песталоцци, Руссо ж.б.), айрым эскерүүлөр да кайталоодон (С. Байгазиев, А. Заркунов - 139 б., мурда да айтылган) кур эмес.

Белгиленген мүчүлүштүктөр А.Р. Кыдыралиева тарабынан жазылган «И. Бекбоевдин илимий жана педагогикалык уюштуруучулук ишмердүүлүгү" аттуу диссертациялык иштин жалпы илимий деңгээлине шек келтирбейт, алар негизинен изилдөөнү мындан да жогорку деңгээлге көтөрүү максатында белгиленди.

8. Изденүүчү **Кыдыралиева Айтикан Раимжановна тарабынан жазылган «И. Бекбоевдин илимий жана педагогикалык уюштуруучулук ишмердүүлүгү"** аттуу диссертациялык иш КРдагы педагогика багытында илимий персоналийге багытталган биринчи илимий эмгек болуп эсептелет. Диссертациялык иш 13.00.01. – жалпы педагогика адистигине ылайык келип, КР ЖАКтын педагогика адистиги боюнча кандидаттык окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча Жобонун 10 пунктуна туура келген, өз алдынча аткарылган илимий иш катары бааланат жана изденүүчү педагогика илиминин кандидаты даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун**
**жогорку мектептин педагогикасы**
**кафедрасынын башчысы, п.и.д.,**
**КР билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер,**
**профессор** **Н.А. Асипова**

Н. А. Асипованын колун тастыктаймын
Бөлүм башчысы [illegible]